**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТРЛИГИНИН МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.А. АЛИЕВ АТЫНДАГЫ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 12.19.592 диссертациялык кеңеш

***Кол жазма укугунда***
УДК 342.7+341.241.14(575.2)(043.3)

**Нуридинова Айдай Нуридиновна**

# КВАЛИФИКАЦИЯЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ - АДАМДЫН ЖАНА ЖАРАНДЫН УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИН КОРГООНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК КЕПИЛДИГИ КАТАРЫ

**12.00.02 – конституциялык укук; муниципалдык укук**

юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2021**

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Керезбеков Канат Керезбекович,**<br>юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты |
| **Расмий оппоненттер:** | **Жатканбаева Айжан Ержановна,**<br>юридика илимдеринин доктору,<br>аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин бажы, каржы жана экологиялык укук кафедрасынын башчысы |
| | **Бакиров Артур Жылдызбекович,**<br>юридикалык илимдеринин кандидаты,<br>Кыргызстан эл аралык университетинин билим беруу жана илимий өндүрүш комплексинин Мультимедия институтунун кафедрасынын доценттин милдетин аткаруучу |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасы, дареги: Ош ш., Ленина к., 331 |

Диссертация 2021-жылдын «25»-июнунда саат 10.00до Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев академиясынын алдындагы юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 12.19.592 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот, дареги: Бишкек ш., Чуй пр., 180 а, конференц-зал (412-ауд.)

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин дареги: 720001, Бишкек шаары, Чүй пр., 180а жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Милициянын генерал-майору Э.А. Алиев атындагы академиясынын дареги: Бишкек шаары, Ч.Валиханов көч., 1а илимий китепканаларынан жана ошондой эле диссертациялык кенештин сайтынан таанышууга болот http://www.ksla.kg

Автореферат 2021-жылдын «24» май таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ю.и.к.** **Анаркулова, Э.С.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасында радикалдуу саясий-укуктук жана социалдык кайра түзүүлөр коомдук мамилелерди жөнгө салуунун формаларын жана ыкмаларын демократиялаштыруунун негизинде алардын сапаттуу өзгөрүшүнө алып келди. Биздин өлкөдө болуп жаткан өзгөрүүлөр жетилген жарандык коомдун калыптанышына өбөлгө түзөт. Бул багыттагы ийгиликтер экономиканын өнүгүшүнө, мыйзамдарды жакшыртууга жана коомдук-укуктук мамилелерди модернизациялоого гана эмес, мамлекеттин аларды тартипке келтирүү, ар бир адамга конституциялык кепилдиктерди жана зарыл болгон коргоону, алардын ичинен өзгөчө орунда турган квалификациялуу юридикалык жардам алууга кепилдигин камсыз кылууга даярдыгына жараша болот.

Юридикалык жардам алуу конституциялык укугуна мүнөздүү белгиси жана негизги өзгөчөлүгү ал адамдын жана жарандын башка укуктары менен эркиндиктерин ишке ашыруу жана коргоо үчүн колдонулууда турат. Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген укуктардын бири да квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугусуз жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес, ал конституциялык укук илиминде адамдын жана жарандын бардык укуктары менен эркиндиктеринин юридикалык кепилдиги катары каралат.

Ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун айкын маанилүүлүгүнө жана зарылдыгына карабастан, азыркы күнгө чейин анын маанисине, мазмунуна, аны көрсөтүү субъектилерине, ишке ашыруу жана жалпы кепилденген камсыз кылуу тутумуна тиешелүү маселелер боюнча талаш-тартыштар дагы деле болуп келет. Юридикалык жардамга укукту жүзөгө ашыруунун механизмин бекемдеген мыйзамдар убакыттын толук талаптарына жооп бербейт жана андан ары өркүндөтүүгө муктаж.

Диссертацияда каралып жаткан көйгөйлөрдүн актуалдуулугу колдонуудагы мыйзамдарды жакшыртуу маселелери менен байланышкан. Конституциялык жана учурдагы мыйзамдарда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун бекитилишине, аны жүзөгө ашыруунун жана камсыз кылуунун бирдиктүү принциптеринин жана стандарттарынын болушуна карабастан, мындай жардамды алган адамдар сыяктуу эле, аны көрсөткөн адамдар тарабынан да кыянаттык менен пайдалануу орун алган. Мындан тышкары, мыйзамдын кээ бир тармактарында квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу жетишерлик толук бекитилген эмес.

Ушул темага болгон илимий-изилдөө кызыгуу квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун жүзөгө ашыруу үчүн болгон ыкмаларды жана каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана аны жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн кеңейте турган жаңы ыкмаларды жана каражаттарды иштеп чыгуу зарылдыгы менен шартталган. Анткени бүгүнкү күндө ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун бүтүндөй цивилизациялуу адамзаттын кенчи катары кароого болот.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында укуктук кызматтарды көрсөтүү менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө жалпы мамлекеттик мамиле жок, калкка акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнүн мамлекеттик максаттуу программасы кабыл алынган эмес, юридикалык жардамдын сапатсыз көрсөтүлүүсүнөн камсыздандыруу жок, юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдардын жана адамдардын ишин мамлекеттик жана корпоративдик контролдоону камсыз кылуу механизмдери түзүлгөн эмес.

Бардык аталган себептердин жана шарттардын комплекси Кыргыз Республикасында жарандардын конституциялык квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугуна жана аны камсыз кылуу көйгөйлөрүнө илимий талдоо жүргүзүү зарылчылыгын жаратат. Ушул талдоонун жыйынтыгында жасалган теориялык жоболор жана тыянактар квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун мааниси жана мазмуну, аны юридикалык табияты, мыйзамдарда жана мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана коомдук уюмдардын ишинде

конкреттештирүү даражасы боюнча маалыматтын мындан аркы топтолушуна өбөлгө түзөт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин илимий изилдөө иштеринин планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү маселелерин жөнгө салуучу ченемдерди ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн теориялык жоболордун комплексин иштеп чыгуу жана аларды колдонуудагы мыйзамдарда колдонуу диссертациялык иштин **максаты** болуп саналат.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү **маселелер** коюлган:

1. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укук түшүнүгүн түзүү жана адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин конституциялык кепилдиктеринин тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугунун ордун аныктоо, анын башка конституциялык укуктар менен болгон корреляциясын аныктоо.

2. Чет мамлекеттердин мыйзамдарында жана эл аралык укуктук актыларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу боюнча тажрыйбасын карап чыгуу.

3. Адамга жана жаранга юридикалык жардам көрсөтүүнүн конституциялык принциптерин ачып көрсөтүү, аларды тармактык мыйзамдарда конкреттештирүүнү көрсөтүү.

4. Квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу кепилдиги катары адвокат статусун алуу шарттарын талдоо.

5. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттын конституциялык-укуктук милдеттерине мүнөздөмө берүү.

6. Сот өндүрүшүнүн ар кандай түрлөрүндө адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо ыкмасы катары квалификациялуу юридикалык жардамга мүнөздөмө берүү.

7. Сот өндүрүшүнүн тараптарынын жарыштуулук жана тең укуктуулугунун конституциялык принциптерине кепилдик берүү каражаттары катары юридикалык жардамдын маанисин ачып берүү.

8. Укуктарды жана эркиндиктерди соттук коргоо процессинде юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана соттук-укуктук реформанын маанилүү багыты катары аны камсыз кылуу механизмдерин өркүндөтүү зарылчылыгын негиздөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргыз Республикасында биринчи жолу квалификациялуу юридикалык жардам конституциялык-укуктук институтун жүзөгө ашыруу механизмин комплекстүү изилдөө аракети жасалдыгы менен шартталган.

Изилдөөлөрдү жүргүзүү анын теориялык жактан жетишсиз иштелип чыгуусунун деңгээли, квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн маанисин жана өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү аракети менен шартталган.

Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардамды ишке ашыруу жаатында мыйзамдардын өнүгүү даражасы жана анын өнүгүшүнүн негизги тенденциялары аныкталган.

Изилдөөнүн жаңылыгы, анын жыйынтыктары азыркы юридикалык жардам менен камсыз кылуу субъектилеринин кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн укуктук жөнгө салуу эл аралык ченемдерге, ошондой эле укуктук жардамга муктаж болгон жактардын кызыкчылыктарына, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарына канчалык деңгээлде дал келишин, кайсы колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларды жакшыртуу жана жаңыларын иштеп чыгуу ушуга көмөк болушун көрсөткөндүгү менен дагы аныкталат.

Диссертациялык изилдөөнүн **практикалык мааниси** төмөнкүлөрдөн турат: изилдөөнүн материалдары коомду жана мамлекетти өнүктүрүүнүн социалдык-укуктук чөйрөсүндө квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун ролун жана маанисин

чечмелөөнүн жаңы ыкмаларын негиздөө үчүн негиз катары колдонулушу; ар кандай юридикалык укуктук жардам көрсөтүүчү субъектилеринин практикалык ишинде колдонулушу мүмкүн; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын өркүндөтүү, жакшыртуу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин иши үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн; "Конституциялык укук" дисциплинасы боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өткөрүүдө колдонулушу мүмкүн.

**Жактоодо коюула турган негизги жоболор:**

1. Квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укуктун юридикалык табияты конституциялык-кепилдик берүүчү мүнөзгө ээ. Ал өзүнүн ченемдик-укуктук мазмунунда материалдык жана процесстик башталыштын биримдигин көрсөтүп, жарандардын юридикалык максаттарын, өз укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоону кошкондо, ырааттуу укуктуу ишке ашырышы жана натыйжалуу жетишүүсү үчүн тийиштүү юридикалык шарттарды камсыз кылууга каралган, конституциялык-процесстик укук-кепилдик катары каралышы мүмкүн.

2. "Квалификациялуу юридикалык жардам" деген түшүнүк ачык-айкын полисемияга ээ. Бир жагынан, квалификациялуу юридикалык жардам деп кесиптик юридикалык квалификациясы (билими жана адистиги) бар адам тарабынан көрсөтүлгөн юридикалык жардамды эсептөөгө болот. Экинчи жагынан, квалификациялуу (тиешелүү) юридикалык жардам деп тийиштүү, укуктуу түрдө көрсөтүлгөн, б.а., формалдуу мыйзамдын талаптарын так сактоо, жана ийгиликтүү талап кылынган жана мааниси боюнча укуктук (конституциялык) натыйжа берген жардамды таанууга болот. Бирок эгерде экинчи учурда, юридикалык жардам мыйзамсыз жана (же) негизсиз сот чечиминин, же болбосо башка жардам көрсөтүүчү субъектиден көз каранды болбогон себептердин натыйжасында тиешелүү жана талаптагыдай объективдүү натыйжа бербесе дагы аны квалификациялуу жардам деп эсептөө керек.

3. Чет мамлекеттердин конституцияларынын текстерин изилдөө квалификациялуу юридикалык жардам алууга укугу, анын ичинде акысыз юридикалык жардам алууга укугу негизги мыйзамдардын көпчүлүгүндө камтылганын көрсөттү. Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү (анын ичинде акысыз жардам көрсөтүү) жөнүндө ондогон чет мамлекеттик, тармактык мыйзамдарды салыштырма-укуктук талдоо квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн колдонулуучу ыкмаларынын жана ишке ашырылуучу моделдеринин көп түрдүүлүгү тууралуу тыянактардын комплексин түзүүгө, калкка акысыз юридикалык жардам көрсөтүү жана кепилдикке алуу бөлүгүндө жалпы бийликтин функцияларынын көлөмүн типтүү интерпретациялоо концептилерин бөлүп чыгарууга мүмкүндүк берди.

4. Квалификациялуу юридикалык жардам институтунун ченемдик мазмунундагы конституциялык маанилүү баалуулуктардын балансын камсыз кылуунун маанилүү шарты болуп мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде анын конституциялык принциптерин ырааттуу ишке ашыруу саналат. Аларды талдоо, тармактык процессуалдык жана атайын мыйзамдарда конкреттештирилген, ченемдик мазмунунан алып караганда, татаал, көп деңгээлдүү тутум деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди. Натыйжада ар бир конкреттүү принцип сот өндүрүшүнүн бардык формаларында ишке ашырылышы менен универсалдуу мүнөзгө ээ болот.

5. Кыргыз Республикасынын Конституциясында жарандарга жана уюмдарга юридикалык жардам көрсөтүүчү ар кандай субъектилердин маанисин жана компетенциясын ачкан атайын ченемдер камтылган эмес. Ошону менен бирге иш жүзүндө юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдар жана жактар чөйрөсү кеңири. Автор калкка юридикалык жардам көрсөтүү субъектилерин эки чоң топко бөлөт:

- адам укуктарын коргоо жана юридикалык жардам көрсөтүү субъектилери катары мамлекеттик органдар;
- квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүчү жарандык коом институттары.

6. Инсандын укуктук статусунун юридикалык кепилдиктеринин тутумун жарандардын субъективдүү укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын соттук жана соттук эмес коргоо механизмдери түзөт. Мамлекеттик бийликтин калган башка бутактары менен салыштырганда эң “жогорку” юридикалык күчкө ээ болгон сот бийлиги адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуунун жана коргоонун эң натыйжалуу кепилдиги катары каралат. Сот адилеттиги тармагындагы инсандын укуктук статусунун кепилдиктерин шарттуу түрдө жалпы жана атайын деп бөлсө болот. Жалпы кепилдиктерге Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген принциптер кирет. Алар: бардыгынын мыйзам жана сот алдында теңдигин; ар кимдин укуктарын жана эркиндигин соттук коргоого укугун; жабырлануучунун келтирилген зыян үчүн компенсацияга болгон укугун; квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укугун ж.б. камсыз кылган принциптер. Атайын кепилдиктерге ар кандай чөйрөлөрдө жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырууга тиешелүү чаралар кириши мүмкүн. Демек, сот адилеттиги адамдардын жана жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун жүзөгө ашырышына кепилдик экендигин констатациялоого болот.

7. Соттук коргоо конституциялык укугун ишке ашыруу механизминде юридикалык жардам институтунун мааниси, эң оболу, квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу жарандардын сот адилеттигине жетүүсүнүн болгон укугун ишке ашырууну кошкондо, маанилүү кепилдиги болуп саналаары менен аныкталат. Аны менен бирге сот өндүрүшүнүн чөйрөсүндөгү квалификациялуу юридикалык жардамды кепилдөөнүн негизги институту адвокатура болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү көйгөйү чоң мааниге ээ боло баштады.

8. Юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана аны камсыз кылуу механизмдерин жакшыртуу соттук-укуктук реформанын өнүгүшүнүн маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Бул жагынан биринчи кезектеги маселелердин катарына мамлекеттик эмес жана мамлекеттик юридикалык жардам институттарынын оптималдуу айкалышуусун камсыз кылуу; жарды жашаган жарандарга юридикалык жардам көрсөтүү; юридикалык жардам көрсөтүүнүн юридикалык жана келишимдик түрүн өркүндөтүү; ишеним артуучунун алдында адвокаттын жоопкерчилигин, мүлктүк жоопкерчиликти кошуп күчөтүү кирет. Бул өз кезегинде адвокаттардын кесиптик, мүлктүк жоопкерчилигин камсыздандыруу механизмдерин пайдалануунун зарылдыгын болжолдойт.

**Изденүүчүнүн** конституциялык укук илимине кошкон жеке салымы изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий жаңылыгы, ошондой эле изилдөөнүн практикалык мааниси менен аныкталат. Жактоого коюлган жоболор жеке диссертант тарабынан иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертацияда баяндалган негизги теориялык тыянактар, жоболор жана сунуштар Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын кеңири жыйынында талкууланган. Диссертациянын негизги жоболору КР ЖАК тарабынан сунушталган илимий журналдарда, ошондой эле Россия Федерациясынын илимий басылмаларында жарыяланган илимий макалаларда чагылдырылган.

**Басылмаларда диссертация жыйынтыктарынын берилишинин толуктугу.** Негизги жоболор, тыянактар жана илимий-практикалык сунуштар 8 илимий макалаларда берилген.

**Иштин түзүмү.** Диссертация Кыргыз Республикасынын ЖАК койгон талаптарга ылайык аткарылды. Анын түзүмү изилдөөнүн максаты жана милдеттери менен аныкталат жана кабыл алынган кыскартуулардын тизмесинен, киришүүдөн, үч бөлүмдөн, тыянактан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын жана тиркемелеринин тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделген, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган, жактоого коюлган негизги жоболор, диссертациялык иштин илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү, ошондой эле алынган жыйынтыктарды апробациялоого тиешелүү маалыматтар берилген.

**Биринчи глава – «Адамдын жана жарандын укуктарынын жана эркиндиктеринин тутумунда квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугун теориялык-методологиялык камсыз кылуу»** – үч бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүмдө – «Инсандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун конституциялык кепилдиктеринин тутумунда юридикалык жардам көрсөтүү түшүнүгү, мазмуну жана орду"** – теманы изилдөө даражасы аныкталат, адамдын жана жарандын конституциялык укуктары жана эркиндиктери тутумунда, квалификациялуу юридикалык жардамдын түшүнүгү, мазмуну жана анын орду берилет.

Изилдөө ата-мекендик жана чет өлкөлүк юридикалык окумуштуулардын изилдөө темасына байланыштуу айрым маселелер боюнча илимий көз караштарын чагылдырат, мисалы Н.Э. Абдукаримова, А.С. Авакьян, А.С. Автономов, В.И. Анишина, Г.А. Качмазов, М.В. Баглай, И.Н. Барциц, И.Л. Бачило, Н.А. Богданова, Н.С. Бондарь, В.А. Васильев, Н.В. Витрук, В.В. Гошуляк, Г.Д. Джалгасынова, В.Д. Зорькин, З.Р. Казанбаева, А.А. Калыбаева, К.К. Керезбеков, М.О. Ким, Э.А. Кочкарова И.В. Краснов, В.Л. Кудрявцев, О.Е. Кутафин, В.В. Лазарев, В.А. Лебедев, А.А. Леви, Е.С. Любовенко, А.Г. Манафов, Р.Г. Мельниченко, А.Л. Миронов, С.М. Муратбекова, Н.Р. Мухудинов, К.Н. Нурбеков, Ж.В. Патращук, А.С. Плетень, В.И. Радченко, И.В. Ростовщиков, Ф.М. Рудинский, Б.Дж. Рысмендеев, А.Л. Салиев, В.Е. Сафонов, А.А. Токтогулов, Е.Н. Хазов, И.Г. Черемных, А.Ш. Шаршеналиев жана башкалар.

Аталган авторлордун эмгектеринде изилдөө үчүн тандалган тема өзүнчө каралган эмес, бирок, алар адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктеринин укуктук табиятын талдоого, адамдын укуктук статусунун негиздерине жана башка теориялык маселелерге арналган. Аларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу адамдын жана жарандын башка укуктары жана эркиндиктери менен бир комплексте каралат. Бул көз караштан алганда, алар бул изилдөө үчүн теориялык базанын ролун аткарат.

Автор жүргүзгөн изилдөөдөн негизинде Кыргыз Республикасында укуктук тутумду өнүктүрүүнүн негизги багыттарынын бири болуп адам инсандыгынын, анын укуктары менен эркиндиктеринин артыкчылыгы саналат. Кыргыз Республикасынын Конституциясы адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин таануу, сактоо жана коргоо мамлекеттин милдети экендигин тастыктайт. Ошону менен бирге, Конституцияда бекитилген жарандардын негизги укуктары жана эркиндиктери аларды ишке ашыруунун таасирдүү укуктук механизми болгондо гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн. [Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык «ар кимге юридикалык квалификациялуу жардам алууга укугу кепилденет». Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Электрондук ресурс]: 2021-жылдын 11-апрелинде референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (КР 2021-жылдын 5 майындагы Мыйзамынын редакциясына ылайык Юстиция министирлигинин расмий сайты. – жеткиликтүүлүк режими: http: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112215?cl=ru-ru - аталышы экрандан алынган].

Ошондой болсо дагы, диссертант белгилегендей азыркы убакытка чейин, кандай учурда көрсөтүлгөн юридикалык жардам квалификациялуу болуп эсептеле тургандыгы ченемдик түрдө колдонуудагы мыйзамдарда бекитилген эмес. Бул категория сот тажрыйбасында жана илимий адабиятта ар кандай чечмеленет.

Конкреттештирүүнү жана өнүктүрүүнү талап кылганына карабастан, анын автор тарабынан белгиленген негизги мүнөздөмөлөрү көңүл бурууга татыктуу:

- мамлекеттик бийликтин мазмунунан ажыратылган кесиптик иш;

- мыйзамда так аныкталган юридикалык негиздердин (келишимдердин, административдик актылардын, ишеним каттардын) негизинде кызыкдар жактарга юридикалык жардам көрсөтүлөт;

- юридикалык жардам көрсөтүү ага кайрылган адамдын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын күбөлөндүрүү менен гана чектелет жана бул алкактан чыкпоого тийиш. [Кривоносова, О.Ю., Кулагин Д.В., Шабельников Д.Б. Россия Федерациясында акысыз юридикалык жардам көрсөтүү: мыйзамдар жана практика [Текст]: Алдын ала отчет / ред. Н.М. Кипнис, М.А. Краснов. тараб.түзөт. - М., 2004.- 122б].

Келтирилген «юридикалык жардам» түшүнүгүнүн аныктамалары бул түшүнүктүн айрым аспектилерин чагылдырат, бирок ошол эле учурда юридикалык жардам көрсөтүлүп жаткан субъектилердин чөйрөсү (эреже катары жарандарга) жана юридикалык жардам көрсөтүп жаткан субъектилердин чөйрөсү (адвокаттар) менен анын мазмунун белгилүү бир даражада чектейт.

**Экинчи бөлүмдө – «Чет мамлекеттердин мыйзамдарында жана эл аралык укуктук актыларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу»** – чет өлкөлөрдүн мыйзамдарында жана эл аралык келишимдерде юридикалык жардам алуу укугу талданып каралат.

Дүйнөнүн көпчүлүк укуктук тутумдарында калктын камсыз болбогон катмарынын өкүлдөрүнө ар кандай юридикалык жардамдын түрлөрүн көрсөтүү узак убакыт бою салт болуп келген.

Иште белгиленип келет, чет өлкөлөрдө акысыз юридикалык жардам көрсөтүү маселелери канчалык кеңири жана деталдуу жөнгө салынгандыгы көрүнүп турат. Мында, акысыз юридикалык жардам жөнүндө чечим кабыл алууда, юридикалык жардам алууга талапкер адамдын эмгек акысын гана эмес, жөлөк пулун жана башка ала турган акча каражаттарын өзүнө камтыган адамдын кирешелери, бардык негизделген чыгымдарды, акча каражаттарына которуп эсептөөгө мүмкүн болгон адамдын мүлкүнүн баарын жана башка активдерин өзүнө камтыган адамдын чыгымдары, адамдын милдеттери, ошондой эле анын үй-бүлөлүк абалы жана балдарынын бар болушу сыяктуу белгилүү факторлор толугу менен эске алынат.

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү маселелери көптөгөн эл аралык укуктук актылар менен жөнгө салынат. Мындай документтердин бири болуп 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынган Адам укуктарынын Жалпы Декларациясы эсептелет. Декларациянын 11-беренесине ылайык: "кылмыш жасагандыгы үчүн айыпталуучу ар бир адам ага коргонуу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу менен, ачык соттук териштирүү жолу менен мыйзамдуу тартипте анын күнөөсү аныкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүүгө укуктуу» [Адам укуктарынын Жалпы Декларациясы [Электрондук ресурс] 1948-ж. 10-декабры // Жеткиликтүүлүк режими: http://www.un.org/ru/documents/ decl_conv/declarations/declhr.shtml. – аталышы экрандан алынган].

Кийинки эл аралык документтерде юридикалык жардам жана жактоочулардын жана адвокаттардын ишинин маселелери алардын соттук коргоо ыкмаларынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуучу каражат катары чоң ролун эске алуу менен улам-улам көбүрөөк орунду ээлей баштайт.

Буга 1989-жылдын 9-декабрында БУУнун Башкы Ассамблеясынын кырк үчүнчү сессиясы менен бекитилген «Кандай гана формада болбосун, кармоого же камоого кабылган адамдардын бардыгын коргоо принциптеринин жыйнагындагы» айыпталуучунун кызыкчылыктарын кесиптик коргоо жөнүндө жоболор мисал боло алат. "Жобо мисал боло алат. Аталган документтин 17-принцибинде төмөнкүдөй берилет: "Кармалган адам адвокат тарабынан юридикалык жардам алууга укуктуу. Эгерде

кармалган адамдын өз тандоосу боюнча адвокаты жок болсо, ал сот адилеттигинин кызыкчылыктары талап кылган бардык учурларда сот жана башка органдар менен белгиленген, эгерде ал адамдын жетиштүү акча каражаттары жок болсо, адвокаттын кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөбөй анын кызмат көрсөтүүлөрү менен пайдаланууга укуктуу» [Кандай гана формада болбосун, кармоого же камоого кабылган адамдардын бардыгын коргоо принциптеринин жыйнагындагы [Электрондук ресурс] 1989-жыл 9-декабрь // Жеткиликтүүлүк режими: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/detent.shtml – аталышы экрандан алынган].

**Үчүнчү бөлүмдө - «Кыргыз Республикасында адамга жана жаранга юридикалык жардамды камсыз кылуунун конституциялык принциптери»** – юридикалык жардамды камсыз кылуу принциби талданат. Автор белгилегендей Кыргыз Республикасында адамга жана жаранга квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу институтунун конституциялык табиятынын негизги мүнөздөмөлөрү анын конституциялык принциптеринин тутумунда толук көлөмдө ачылып берилет, аларды толук формада анын "конституциялык укук тутумундагы олуттуу түзүмдөр болуп саналат" ченемдик талаптарын туюндурат. Алар ошондой эле аны мыйзам чыгаруу жана укук колдонуу ишинде жүзөгө ашырууда квалификациялуу юридикалык жардам институтунун ченемдик мазмунунда конституциялык маанилүү баалуулуктардын балансынын сакталышынын маанилүү шарты болуп саналат.

Чындыгында, принциптер деп салттуу түрдө укуктун пайда болуу, өнүгүү жана иштөө процессинин пайда болушуна алып келген предметтердин жана кубулуштардын табиятын жана эң маанилүү касиеттерин чагылдырган жетекчилик идеялар түшүндүрүлөт. Юриспруденцияда укук принциптери жана укуктук принциптер болуп бөлүнөт. Укук принциптери деп укуктук аң-сезим категориясын, башкача айтканда, укук, укуктук жөнгө салуунун негизги идеяларын жана башатын чагылдыруучу укуктук илимдин элементтерин түшүнөбүз. Укуктук принциптер болсо, ар кандай авторлор тарабынан негизинен укук билдирүү формасынын жана алардын укук ченемдери менен катышынын принциптерине жараша ар кандай аныкталат.

Автор белгилейт негиздүү, иш жүзүндө адекваттуу жана максатка ылайыктуу болуп төмөнкү позициясы саналат, ал позицияга ылайык принциптерди билдирүү формасы эки түрдүү болушу мүмкүн: алар конкреттүү принциптер - ченемдер түрүндө болушу мүмкүн же талашсыз ченемдик сапатка ээ болгон укук тармактарынын жана институттарынын жалпы жоболорунда билиниши мүмкүн. Укук принциптерин мындай түшүнүү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесинин 3-бөлүгүндөгү жобого ылайык келет. Ал Кыргыз Республикасынын укук тутумунун курамына, анын ичинде, белгилүү болгондой, эл аралык укуктук актыларда толук жана түздөн-түз формализациясы жок, жалпыга таанылган эл аралык укук принциптерин кошуп камтыйт. Ошондой эле «Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын укугу жана эркиндиктери жалпыга таанылган эл аралык укук принциптерине ылайык таанылышы жана кепилдикке алынганы, демек, алардын мыйзамдуу жөнгө салынышы (таануу жана кепилдикке алуу формаларынын бири катары) жалпыга таанылган эл аралык укук принциптери менен ченемдик байланышта тургандыгы каралган». [Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 1-бөлүгүндөгү жобого ылайык келет. [Электрондук ресурс]: 2021-жылдын 11-апрелинде референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (КР 2021-жылдын 5 майындагы Мыйзамынын редакциясына ылайык Юстиция министирлигинин расмий сайты. – жеткиликтүүлүк режими: http: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112215?cl=ru-ru - аталышы экрандан алынган].

Ушуга ылайык, автор аныктайт укуктук принциптердин көрүнүшүнүн бир формасы катары конституциялык принциптер Конституцияда түздөн-түз же кыйыр берилген, ошондой эле конституциялык укук адилеттигин кошкондо, конституциялык практикасында түзүлгөн мамлекеттик уюштуруу коомунун жашоосунун баалуулук-ченемдик негизги императивдери экени менен макул болсо болот.

**Экинчи глава – «Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвакаттык ишти конституциялык- куктук жөнгө салуу»** – квалификациялуу юридикалык жардам алуу боюнча конституциялык укукту, ошондой эле адвокаттын конституциялык жана укуктук статусун камсыз кылуу боюнча адвокаттык иштин негиздерин ачып берет. Эки бөлүмдөн турат.

**Изилдөөнүн объектиси** болуп Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардам конституциялык укугун ишке ашыруу чөйрөсүндөгү коомдук мамилелер эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп сот өндүрүшүнүн ар кандай түрлөрүндө жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу маселелери боюнча чет мамлекеттик да, ата мекендик дагы юридикалык ченемдер, тарых, ошондой эле квалификациялуу юридикалык жардам укугун жүзөгө ашыруу маселелери боюнча окумуштуу юристтердин жана практиктердин көз караштары эсептелет.

**Изилдөөнүн методологиялык** негизинде логикалык, диалектикалык, тарыхый-салыштырма, формалдуу-юридикалык, салыштырма-укуктук, тутумдук талдоо, индукция, дедукция, синтез жана башка илимий талдоонун методдору колдонулду.

**Биринчи бөлүмдө – «Квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу кепилдиги катары адвокат статусун алуу шарттары »** – адвокаттык иш жүргүзүүгө лицензия алуу шарттары каралат.

«Кыргыз Республикасынын адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзамдын 19-беренесине ылайык, «Кыргыз Республикасында адвокат статусун алууга жогорку юридикалык билими жана юридикалык кесиби боюнча бир жылдан кем эмес убакыт иштеген стажы бар, квалификациялык сынактан өткөн адам укуктуу. Адвокат статусун берүү жөнүндө чечимди адвокат статусун алууга талапкер адам квалификациялык сынактан өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине караштуу квалификациялык комиссиясы кабыл алат». [«Кыргыз Республикасынын адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө» Мыйзам [Электрондук ресурс]: 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 Кыргыз Республикасынын мыйзамы (2016-жылдын 12-декабрындагы года № 196 мыйзамдын редакциясында) // жеткиликтүүлүк режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205356 – аталышы экрандан алынган].

Ушул беренеге ылайык мыйзам чыгаруучу адвокаттык иш жүргүзүүгө лицензия алууга укугу бар адамдардын чөйрөсүн чектеп койгон.

Автор "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында адвокаттын статусун алууга талапкер адамдын жаш курагы боюнча маселе аныкталбагандыгын белгилейт. Мыйзамдын 19-беренесинин текстине ылайык аракетке жөндөмдүү кандай болбосун жеке адам адвокат статусун алууга мүмкүнчүлүгү бар. Адвокаттын статусун алуу үчүн кандай куррактык чеги болуш керек? - деген маселе актуалдуу болуп саналат.

Сунушталат "Кыргыз Республикасындагы Судьялардын статусу жөнүндө" конституциялык мыйзамдагыдай адвокаттын статусун алууну каалаган адамдар үчүн курактык чекти белгилөө зарыл. Мындай зарылчылык ишеним артуучуга натыйжалуу юридикалык жардам көрсөтүү үчүн зарыл болгон белгилүү бир турмуштук жана кесиптик тажрыйбага адам 30 жаштан кийин гана ээ болот деп түшүндүрүлөт. Албетте, төмөнкү курактык чекти белгилөө коомдо адвокаттын статусун көтөрүүгө өбөлгө түзөт жана анын ишеним артуучуларга квалификациялуу юридикалык жардам беришине кошумча кепилдик берет.

**Экинчи бөлүмдө – «Жарандын укуктарын коргоо жана юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттын укуктарынын жана ыйгарым укуктарынын конституциялык-укуктук биримдиги»** – адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча укуктары жана милдеттери талданат. Автор белгилегендей Адвокаттын милдеттери «Адвокатура жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жалпысынан берилген. Ага ылайык: «Адвокат:

1. ишеним артуучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган бардык каражаттар менен туура, акыл-эстүүлүк жана ак ниеттүүлүк менен коргоого;

2. мыйзамда каралган учурларда акысыз квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү боюнча жазык сот өндүрүшүнө коргоочу катары адвокаттын милдеттүү катышуусу жөнүндө мыйзамдын талаптарын аткарууга;

3. дайыма өзүнүн билимин өркүндөтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга;

4. адвокаттын кесиптик этика кодексин сактоого милдеттүү» [Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө Мыйзам [Электрондук ресурс]: 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 Кыргыз Республикасынын мыйзамы (2016-жылдын 12-декабрындагы года № 196 мыйзамдын редакциясында) // Жеткиликтүүлүк режими: http://cbd. minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205356 – аталышы экрандан алынган].

Өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарбагандыгы жана талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн адвокат жогоруда белгиленген мыйзамда каралган жоопкерчиликти тартат.

Белгиленгендей мамлекеттен уюштуруучулук жактан обочолонуп турганы менен, адвокатура ошол эле мезгилде аны менен функционалдык-укуктук тыгыз байланышта турат; ал эми адвокаттар кесиптик ишин жүзөгө ашырууда мыйзамдуулуктун жана мамлекеттик укук тартибинин негиздерин колдоого тийиш. Адвокаттар мамлекеттик укук коргоо органдарынын жана сот өндүрүш органдарынын иштерине катышканы менен бийликтик ыйгарым укуктарды жана укук колдонууну ишке ашырбайт; жарандардын жана уюмдардын атынан алардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыз кылуу үчүн ал тарабынан берилген процесстик укуктарды пайдаланат, жардам көрсөтөт, укуктук жактан агартууга, укукту сыйлоону калыптандырууга катышат.

**Үчүнчү глава – «Квалификациялуу юридикалык жардам - сот адилеттигин натыйжалуу жүзөгө ашыруу кепилдиги»** – үч бөлүмдөн турат.

**Биринчи бөлүмдө – «Квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугун ишке ашыруунун укуктук кепилдиктери»** - квалификациялуу юридикалык жардамды жүзөгө ашыруудагы кепилдиктер изилденет. Автор белгилейт эл аралык кепилдиктер тутуму юридикалык жардамга болгон укукту камсыз кылуунун жана коргоонун маанилүү шарты болуп саналат. Андан ары маанилүүлүгү боюнча бардык тармактык, жазык-укуктук, жарандык-укуктук, административдик-укуктук жана башкалары кирген юридикалык кепилдиктер үчүн негиз болуп саналган конституциялык кепилдиктер турат.

Адам укуктарынын кепилдигинин эл аралык жана мамлекет ичиндеги механизмдеринин бириктирүүчү звеносу катары конституциялык кепилдиктер тутуму болот. Юридикалык жардамга укугунун конституциялык-укуктук кепилдиктерине төмөнкүлөр кирет:

- бул укукту коргоонун бардык юридикалык кепилдиктери үчүн негиз болуп саналган укуктук институттарды белгилөө;
- бул укукту жана аны камсыз кылуунун кепилдиктерин конституциялык бекемдөө;
- мамлекеттик бийлик органдары тарабынан адам (ушул учурда юридикалык жардамга) укуктарын коргоону караган мамлекеттик органдардын ишин контролдоону камсыз кылуу.

Конституция мамлекеттин негизги мыйзамы болуп, жарандын конкреттүү укугун гана жарыялабастан, юридикалык жардамга укукту коргоонун көрсөтүлгөн түрлөрү менен катар көрсөтүлгөн укуктун кепилдиктеринин тутумуна да кирген мамлекеттин, кызмат адамдарынын жана жарандардын иш принциптеринин негиздерин түптөйт.

Эл аралык өкмөттүк эмес укук коргоо кыймылдарын түзүү жана алардын болушу кепилдиктердин дагы башка аспектиси болуп саналат. Кыймылдар юридикалык жардам көрсөтүү чөйрөсүндө өз өкмөтүнүн саясатына таасир көрсөтүшү, юридикалык жардам алууга адам укугун коргоону камсыз кылуу жаатында дүйнөлүк коомдук пикирди калыптандырууга таасир этиши, эл аралык укук коргоо органдарынын ишине көмөк

көрсөтүшү, ошондой эле планетанын ар кандай мамлекеттеринде тарбия жана билим берүү иштерин жүргүзүшү мүмкүн. Мындай кыймылдар дүйнө жүзү боюнча көптөгөн өлкөлөрдө бар.

**Экинчи бөлүмдө – «Жарыштуулуктун конституциялык принцибин жана сот өндүрүшүнүн тараптарынын тең укуктуулугун кепилдөө каражаты катары юридикалык жардамдын мааниси»** сот өндүрүшүнүн кепилдендирүү принциптеринин каражаты катары юридикалык жардамдын мааниси аныкталат.

Автор белгилейт квалификациялуу юридикалык жардам адамдын жана жарандын конкреттүү укуктарын жана эркиндиктерин соттук коргоого карата гана эмес, натыйжалуу сот адилеттин камсыз кылуу көз карашынан алганда дагы конституциялык-кепилдендирүү мааниге ээ. Бул жагынан алганда квалификациялуу юридикалык жардам институту, адвокаттын (жактоочунун) сот процессинде катышуусу сот өндүрүшүнүн конституциялык негиздерин кепилдикке алуу каражаты болуп саналат. Бул албетте, сот бийлигинин иштешинин фундаменталдуу принциптеринин бири — анын өз алдынчалык принциби эч качан күмөн саналбашы керек. Мында юридикалык жардам институтунун түз таасири тууралуу алгач башка принципке - Сот адилеттигинин маанилүү конституциялык принциптеринин бири катары тараптардын жарыштуулук жана тең укуктуулук принцибине карата айтууга болот.

Юридикалык доктринага таянып, анын ченемдик мазмунунан алып караганда Кыргыз Республикасынын Конституциясы тараптардын жарыштуулук жана тең укуктуулук конституциялык принцибин түзөт. Анын элементтеринин өз ара аракеттешүүсү төмөнкүдөй:

- бир жагынан, сот өндүрүшү катышуучулары тең болгондо жарыштуулук формасында өтүшү зарыл;
- экинчи жагынан, жарыштуулук өзүнүн табияты боюнча тараптардын теңдиги деген билдирет. Ошондуктан процесстик иш деңгээлинде тараптардын жарыштуулук жана тең укуктуулук принцибинин маанилүү мүнөздөмөлөрү заманбап демократиялык сот процессинин негизги сапаттык мүнөздөмөсү катары жарыштуулук бир убакта субъектилердин (тараптардын) өз ара абалын дагы, алардын процессуалдык теңдигин дагы мүнөздөгөндүгүндө билинет.

**Үчүнчү бөлүмдө – «Юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана аны камсыз кылуу механизмдерин өркүндөтүү»** - юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана ушул жааттагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштамалар берилет.

Автор белгилейт укуктарды жана эркиндиктерди соттук коргоо процессинде юридикалык жардамдын сапатын жогорулатуу жана аны камсыз кылуу механизмдерин өркүндөтүү соттук-укуктук реформасынын өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат. Бул мамлекеттин өнүгүшүнүн улуттук-өзгөчө өзгөчөлүктөрүнө карата натыйжалуу жана адекваттуу, тутумда горизанталдуу (жарандык) байланыштар, ошондой эле өз ара мамилелерди инсандын жана коомдук бийликтин өз ара мамилеси сыяктуу болуп туруучу юридикалык конфликттерди жана коллизияларды чечүү тутумун түзүүгө багытталган. Квалификациялуу юридикалык жардам, азыркы учурда рынок экономикасынын, коомдук процесстеринин ар тараптуу демокритизацияланышынын талаптарына толук жооп бербеген, калктын укуктук сезимин калыптандырууга жана укуктук маданиятты жогорулатууга оң таасирин берет. Демек, калкка юридикалык жардам көрсөтүүнү укуктук жөнгө салууну өркүндөтүү мамлекеттин артыкчылыктуу милдеттеринин бири болушу керек. Бул жарандардын соттук коргоого конституциялык укугун жүзөгө ашырууну камсыз кылуу боюнча милдетин тийиштүү түрдө аткарууга гана мүмкүндүк бербестен, Кыргыз Республикасында жарандык коомду түзүлүшүнө дагы көмөктөшөт. Анын белгилеринин бири болуп калктын жогорку укуктук маданияты саналат жана ансыз демократиялык өзгөрүүлөрдү жүргүзүү бир кыйла татаал болот. Бул

изилдөөнүн предмети жагынан алганда биринчи кезектеги милдеттер катары төмөнкүлөрдү бөлүп кароого болот.

Биринчиден, реформалоо процессинде юридикалык жардамдын мамлекеттик жана мамлекеттик институттарынын оптималдуу айкалышын камсыздоо зарыл. Бул милдет коомдук бийликтин конституциялык функцияларын жүзөгө ашырууга коомдук институттарды «кошууга» мүмкүндүк берген колдонуудагы конституциялык жөнгө салуу менен гана эмес, мамлекеттин жана жарандык коомдун ырааттуу өз ара аракеттешүүсүн жөнгө салуу жагына Кыргыз Республикасынын мамлекеттик-укуктук тутумун модернизациялоого жалпы багытталышы менен дагы аныкталат.

Бирок юридикалык жардам көрсөтүү жаатында мындай өз ара аракеттенүү бүгүнкү күндө системалуу мүнөзгө караганда, эпизоддук-фрагменттик мүнөзгө ээ. Мындан тышкары, калкты юридикалык жактан тейлөө механизмдерин өркүндөтүү боюнча айрым сунуштар олуттуу түрдө коомдук көмөк көрсөтүүнүн зарылдыгы (жана объективдүү потенциалы) көңүлгө алынбайт.

Квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү жаатында коомдук-мамлекеттик кызматташуу, эң башкысы, муктаж болгондорду юридикалык тейлөө боюнча социалдык демилгелерди мамлекеттик колдоого алууну, жеке жактардын жана уюмдардын анын уюштуруучулук-техникалык жана материалдык финансылык камсыз болушуна кызыгуусунун ченемдик шарттарын, анын ичинде тиешелүү субъектилер үчүн салыктык жеңилдиктер тутуму аркылуу түзүүнү, ошондой эле коом жана мамлекет алдындагы алардын эмгегин таанууну билдирет.

Экинчиден, юридикалык жардам тутумун модернизациялоо юридикалык кадрларды кесиптик даярдоонун сапатын олуттуу жогорулатууну, юридикалык жардам көрсөтүү субъектилеринин квалификациялык аттестациясын өркүндөтүүнү жана тандоонун конкурстук башаттарын кеңейтүүнү талап кылат.

## ТЫЯНАКТАР

Жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй тыянактарды чыгаруу болот:

1. Адам укуктары адамдын жана жарандын белгилүү руханий же материалдык байлыктарга ар түрдүү умтулуусунун комплексин билдирет. Аларды канааттандыруу мүмкүндүгү мамлекеттин жана коомдун чыныгы мүмкүнчүлүктөрүнө жараша болот. «Биринчи муундагы» укуктар либералдык коомдун баалуулуктарын жүзөгө ашырды жана юридикалык жактан бекемдеди, ошол эле учурда «экинчи муундагы» укуктар социалдык багыттагы мамлекеттин негизги баалуулуктарын чагылдырат. Ошондуктан диссертанттын пикири боюнча ар кимдин квалификациялуу юридикалык жардам алууга укугунун юридикалык табиятын «экинчи муундагы» укуктардын катарынан чыгарып, Кыргыз Республикасынын Конституциясында камтылган, «ар кимге эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болуу укугу кепилденет...» (32-берене), «ар кимге анын укуктары менен эркиндигин соттук коргоого кепилдиктер берилет» (61-берене), «ар кимге юридикалык квалификациялуу жардам алуу укугу кепилденет» (61-берене) деген сөздөр менен берилген жана бекитилген укуктук конституциялык кепилдиктер тобуна киргизүү зарыл. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Электрондук ресурс]: 2021-жылдын 11-апрелинде референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (КР 2021-жылдын 5 майындагы Мыйзамынын редакциясына ылайык Юстиция министирлигинин расмий сайты. – жеткиликтүүлүк режими: http: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112215?cl=ru-ru - аталышы экрандан алынган].

2. Квалификациялуу юридикалык жардамга болгон конституциялык укугу көп аспекттүү укук болуп саналат. Биринчиден, чектөөгө жатпаган өз алдынча жана комплекстүү конституциялык укук катары, экинчиден – адамдын жана жарандын башка конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашырууну жана коргоону камсыз

кылуучу конституциялык кепилдиги жана ыкмасы аспектисинде, үчүнчүдөн – конституциялык укуктун маалыматка, конституциялык укуктун укуктардын жана эркиндиктердин мамлекеттик коргоого алууга, жана конституциялык укуктун инсандын кадыр-баркын мамлекеттик коргоого алууга интегралдык туундусу аспектисинде, төртүнчүдөн – белгилүү жыргалчылыктардын берилишин камсыз кылуу менен коомдук турмуштун негизги чөйрөлөрүндө жүзөгө ашырылган, коом, мамлекет жана жаран ортосундагы мамилелери жана байланыштары аркылуу билдирүү механизми катары болот. Юридикалык укук алууга укуктун өзгөчөлүгү ал жарандардын бири-бирин гана эмес, ошондой эле бүтүндөй мамлекет менен мамилелерин жана байланыштарын түзөт.

3. Изилденип жаткан укук дагы интегралдык татаал түзүлүштөгү укук болуп саналат. Ал укуктун түзүмүнө өз укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын натыйжалуу ишке ашыруу жана коргоо максатында квалификациялуу юридикалык жардамга аны көрсөткөн ар кандай субъекттерине кайрылуу укугу; көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын белгилүү мазмунуна жана сапатына болгон укук; мыйзамда каралган учурларда акысыз квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу; юридикалык жардам көрсөтүүчү тийиштүү субъектиден белгилүү активдүү жана натыйжалуу ишти жасоого талап кылуу укугу; квалификациялуу юридикалык жардам, анын ичинде акысыз алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат алуу укугу; түшүнүү үчүн жеткиликтүү тилде жана ушул жардамды керектөөчү үчүн ыңгайлуу болгон формаларда квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу; бузулган укукту коргоону талап кылуу укугу кирет.

4. Улуттук мыйзамдар менен катар, юридикалык жардам алуу укугу эл аралык укуктун ченемдеринде да бекитилген. Эл аралык укуктук актылар укуктук мамлекетте жана адам укуктары жөнүндө заманбап түшүнүктөргө ылайык келген ыкмаларын аныкташат. Алар: юристтердин алардын жардамына муктаж болгондор менен өз ара иштешүү ыкмалары, мамлекеттин квалификациялуу юридикалык кадрларды даярдоого катышуу, колунда жокторго укуктук жардам көрсөтүү ыкмалары. Анын үстүнө эл аралык келишимдерде жана башка укуктук актыларда кылмыш-жазык ишинде акысыз юридикалык жардам жөнүндө гана эмес, ар ким экономикалык мүнөздөгү тоскоолдуктарга карабастан жарандык, соода, административдик, социалдык жана салык иштери боюнча чечим чыгарууга укугу бар кандай болбосун соттордо өз укуктарын менен пайдануу жана аларды коргоо мүмкүнчүлүгүнөн ажыратылбашы керек экендиги жөнүндө айтылат.

5. Эл аралык укуктук актылар кылмыш-жазык гана эмес, өндүрүштүн башка түрлөрүндө дагы адамдын материалдык жана мүлктүк абалына карабастан ар кимдин квалификациялуу юридикалык жардамды алууга бирдей мүмкүнчүлүгү үчүн натыйжалуу жол-жобону жана иштеп жаткан механизмди жүзөгө ашырууга багытталган.

6. Конституциялык принциптер: мыйзамдуулук, юридикалык жардам институтунун мамлекеттик жана коомдук башталыштарынын айкалышуусу, кесипкөйлүк, юридикалык компетенттүүлүк, юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү, анын ичинде аны алуу акысыз мүмкүнчүлүгү, аны даректик камсыз кылуу конфиденциалдуулугунун катышы менен юридикалык кызмат көрсөтүү институттарынын транспаренттүүлүгү, квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укукту чектөөгө жол бербөө - квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуу бирдиктүү ченемдик укуктук тутумду түзөт, бул алардын топтомун (каталогун), ошондой эле алардын ченемдик өз ара байланышын алдын ала аныктайт. Алар тутумду билдирет, ошондуктан алардын объективдүү өз ара байланышын эске алуу менен колдонулууга тийиш, алар менен эч бирине дагы абсолюттук маани берилбеши керек экендиги үчүн тийиштүү принциптердин ар биринин тышкы чектери аныкталат. Ал көрсөтүлгөндөй, алар тармактык процесстик атайын мыйзамдарда өзүнүн конкреттүүлүгүн жана ченемдик өнүгүүсүн табат.

7. Адвокаттын статусун алууну каалаган адамдар үчүн төмөнкү куррактык чекти белгилөө сунуш кылынат. Себеби мындай зарылчылык ишеним артуучуга натыйжалуу

юридикалык жардам көрсөтүү үчүн зарыл болгон белгилүү бир турмуштук жана кесиптик тажрыйбага адам 30 жаштан кийин гана ээ болот деп түшүндүрүлөт. Албетте, төмөнкү курактык чекти белгилөө коомдо адвокаттын статусун көтөрүүгө өбөлгө түзөт жана анын ишеним артуучуларга квалификациялуу юридикалык жардам беришине кошумча кепилдик берет.

8. Мамлекеттен уюштуруучулук жактан обочолонуп турганы менен, адвокатура ошол эле мезгилде аны менен функционалдык-укуктук тыгыз байланышта турат, ал эми адвокаттар кесиптик ишин жүзөгө ашырууда мыйзамдуулуктун жана мамлекеттик укук тартибинин негиздерин колдоого тийиш.

9. Сот адилеттиги атайын процесстик формада сот тарабынан жүзөгө ашырылган мамлекеттик ишмердик болуп, жалпысынан алганда бийликтин өз алдынча бутагын - сот бийлигин түзгөн мамлекеттик органдардын тутуму. Кепилдиктерге Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген, бардыгынын мыйзам жана сот алдында теңдигин; ар кимдин укуктарын жана эркиндигин соттук коргоого укугун; жабырлануучунун келтирилген зыян үчүн компенсацияга болгон укугун; квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укугун ж.б. камсыз кылган принциптер кирет. Демек, сот адилеттиги адамдардын жана жарандардын квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугунун жүзөгө ашырышына кепилдик экендигин констатациялоого болот.

10. Тараптардын атаандаштыгына жана тең укуктуулугуна, демек, процессуалдык укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүү аркылуу талаш туудурган же бузулган материалдык укукту коргоого кепилдик берүү менен, сот адилеттигинин бардык процесстерин жана юрисдикциянын бардык түрлөрүн өзүнө камтыганы менен квалификациялуу юридикалык жардам алууга болгон укук сот өндүрүшүнүн мүнөзү жана иштин кыймылы менен бирге өнүгүшү менен шартталган. Башкача айтканда, юридикалык жардам алууга процессуалдык укуктун мазмуну, тактап айтканда, сот өндүрүшүнүн конкреттүү түрүндөгү далилдөө милдетинин бөлүштүрүлүшүнө, сот өндүрүшүнүн тигил же бул баскычынын өзгөчөлүктөрүнө жана анда чечилип жаткан маселелердин чөйрөсүнө жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Ошондуктан сот процессин жөнгө салууда мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген аны конкреттештирүү тартибинде тараптардын жарыштуулук жана тең укуктуулук мазмунунун таасирине кабылат.

11. Квалификациялуу юридикалык жардам берүүгө болгон мамлекеттик кепилдиктин деңгээлин жогорулатуу, адвокаттын ишеним артуучунун алдындагы жоопкерчилигин күчөтүүнү болжолдойт, анын ичинде адвокатты кылмыш-жаза, тартиптик жана жарандык-укуктук жоопкерчиликке тартуу механизмин өркүндөтүү жолу менен.

12. Юридикалык клиника билим берүү процессинин практикалык жана колдонмо формаларынын бири гана болбостон, калкты юридикалык тейлөөдө кошумча, көмөкчү юридикалык жардам институту катары байкаларлык ролду ойной алат.

13. Компетенттүү жана кесипкөй кадрлардын жоктугу квалификациялуу юридикалык жардам идеясынын маанисин жоготот жана ошондой эле жарандарга сапатсыз кызмат көрсөтүү аркылуу жарандардын укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулуу коркунучун туудурат. Бул жагынан мамлекет юридикалык билим берүү системасын өнүктүрүүнүн так программасын иштеп чыгышы жана билим берүү иши чөйрөсүндө натыйжалуу контролду камсыздоосу керек. Ошону менен бирге укуктук даярдык өзүнүн баштапкы негизи катары мектепте берилген юридикалык ой жүгүртүү жана жүрүм-турумдун көнүмдөрү болушу керек.

**ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИЛИМИЙ МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:**

1. Нуридинова, А.Н. Право на квалифицированную юридическую помощь в законодательстве зарубежных стран и международных правовых актах [Текст] / А.Н. Нуридинова // Вестник КГЮА. - 2018. - № 2. – С. 72-76. URL: https://ksla.kg/ksla_nauka/nauchno-metodicheskij-zhurnal-vestnik-kgyua/
2. Нуридинова, А.Н. Содержание квалифицированной юридической помощи [Текст] / А.Н. Нуридинова // Вестник КГЮА. - 2018. - № 3 – С. 213-216. URL: https://ksla.kg/wp-content/uploads/2022/02/vestnik-%E2%84%963-2018.pdf
3. Нуридинова, А.Н. Место юридической помощи в системе конституционных гарантий обеспечения прав и свобод личности [Текст] / А.Н. Нуридинова // Вестник КГЮА. - 2018. - № 3. – С. 217-219. URL: https:// ksla.kg/wp-content/uploads/2022/02/vestnik-%E2%84%963-2018.pdf
4. Нуридинова, А.Н. Понятие и сущность квалифицированной юридической помощи [Текст] / А.Н. Нуридинова // Modern Science. - Москва, 2018. – №1/2 - С. 47-50. URL: https://www.elibrary.ru/item. asp?id=32467342
5. Нуридинова, А.Н. Обеспечение права граждан на юридическую помощь [Текст] / А.Н. Нуридинова // Modern Science. - Москва, 2018. – №1/2 - С. 45-47. URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=32467341
6. Нуридинова, А.Н. Конституционные принципы обеспечения юридической помощи человеку и гражданину в Кыргызской Республике [Текст] / А.Н. Нуридинова // Modern Science. - Москва, 2019. – №5/4 - С. 267-272. URL: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=38204706
7. Нуридинова, А.Н. Юридическая помощь как публично-правовая функция государства [Текст] / А.Н. Нуридинова // Modern Science. - Москва, 2019. – №6/2 - С. 170-176. URL: https://elibrary.ru/item.asp?id=38239618
8. Нуридинова, А.Н. Правосудие как гарантия обеспечения реализации конституционного права человека и гражданина на получение квалифицированной юридической помощи [Текст] / А.Н. Нуридинова // Modern Science. - Москва, 2019. – №6/2 - С. 177-181. URL: https://elibrary.ru/ item.asp?id=38239619

**Нуридинова Айдай Нуридиновнанын диссертациясынын: «Квалификациялуу юридикалык жардам - адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун конституциялык-укуктук кепилдиги катары” темасына 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** юридикалык жардам, укуктарды жана эркиндикти коргоонун кепилдиги, адвокаттык ишмердик, квалификациялуу юридикалык жардам менен камсыз кылуу, таймашуучулук жана тараптардын тен укуктуулугу, юридикалык жардамды ишке ашыруунун механизмдери, конституциялык укуктар жана эркиндиктер, укуктук жардам.

**Изилдөөнүн объекти:** Кыргыз Республикасындагы квалификациялуу юридикалык жардам алуу конституциялык укугун ишке ашыруу чөйрөсүндөгү коомдук мамилелер болуп саналат.

**Изилдөөнүн предмети:** сот жүргүзүүнүн ар кандай түрлөрүндө жараанардын укуктарын жана эркиндигин камсыз кылуу маселелери боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк мыйзам чыгаруунун юридикалык нормалары, тарых, жана ошондой эле, юристтердин жана практиктердин квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун ишке ашыруу маселелери боюнча көз караштары болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты**: теориялык маселелерди иштеп чыгуу жана аларды Кыргыз Республикасындагы квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүү маселелерин жөнгө салуучу нормаларын ишке ашыруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн иштеп жаткан мыйзам чыгарууда колдонуу.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи:** Логикалык, диалектилик, тарыхый-салыштырмалуу, формалдык-юридикалык, салыштырмалуу-укуктук, системдик анализдин, индукциянын, дедукциянын, синтездин методдору жана башка илимий билимдин методдору диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин түзөт.

**Алынган жыйынтыктар** жана алардын жаңылыгы: ушул иш Кыргыз Республикасында квалификациялуу юридикалык жардам институтунун комплекстик изилдөөсүнө арналган, диссертациялык денгээлде аткарылган биринчи иш болуп саналат.

**Колдонуу жааты:** түзүлгөн теориялык аныктамалар жана корутундулар мындан аркы квалификациялуу юридикалык жардам менен камсыз кылууну жакшыртуу маселелерин теориялык жактан иштеп чыгууда; мындан аркы юридикалык жардам менен камсыз кылуу чөйрөсүндө колдонуудагы мыйзам чыгаруунун жакшыртуусунда; «Конституциялык укук» дисциплинасы боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өткөрүүдө колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Нуридиновой Айдай Нуридиновны на тему: «Квалифицированная юридическая помощь как конституционно-правовая гарантия защиты прав и свобод человека и гражданина» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.02 – конституционное право; муниципальное право**

**Ключевые слова:** юридическая помощь, гарантии защиты прав и свобод, адвокатская деятельность, обеспечение квалифицированной юридической помощи, состязательность и равноправие сторон, механизмы реализации юридической помощи, конституционные права и свободы, правовая помощь.

**Объектом** диссертационного сследования являются общественные отношения в сфере реализации конституционного права на квалифицированную юридическую помощь в Кыргызсколй Республике.

**Предметом** диссертационного исследования выступают юридические нормы как зарубежного, так и отечественного законодательства по вопросам обеспечения прав и свобод граждан в различных видах судопроизводства, история, а также взгляды ученых юристов и практиков, по проблемам реализации права на квалифицированную юридическую помощь.

**Целью диссертационного исследования** является разработка комплекса теоретических положений и их применение в действующем законодательстве для повышения эффективности реализации норм, регулирующих вопросы оказания квалифицированной юридической помощи в Кыргызской Республике.

**Методологическую основу** диссертационного исследования составили как методы логического, диалектического, историко-сравнительного, формально-юридического, сравнительно-правового, системного анализа, индукции, дедукции, синтеза и другие методы научного познания.

**Полученные результаты и их новизна:** настоящая работа является первой работой в Кыргызской Республике, выполненная на диссертационном уровне, посвященной комплексному исследованию института квалифицированной юридической помощи в Кыргызской Республике.

**Рекомендации по использованию:** сформулированные теоретические определения и выводы могут быть использованы для дальнейших теоретических разработок вопросов совершенствования обеспечения квалифицированной юридической помощи; для дальнейшего совершенствования действующего законодательства в области обеспечения юридической помощи; при проведении лекционных и практических занятий по дисциплине «Конституционное право».

## SUMMARY

**of the dissertation research of Nuridinova Aidai Nuridinovna on the topic: "Qualified legal assistance as a constitutional and legal guarantee of the protection of human and citizen's rights and freedoms" for the degree of candidate of science of law in the specialty: 12.00.02 - constitutional law; municipal law**

**Keywords:** legal assistance, guarantees of the protection of rights and freedoms, advocacy, provision of qualified legal assistance, competitiveness and equality of the parties, mechanisms for the implementation of legal assistance, constitutional rights and freedoms, legal assistance.

**The object of the dissertation research** is social relations in the field of the implementation of the constitutional right to qualified legal assistance in the Kyrgyz Republic.

**The subject of the dissertation research** are the legal norms of both foreign and domestic legislation on ensuring the rights and freedoms of citizens in various types of legal proceedings, history, as well as the views of legal scholars and practitioners on the implementation of the right to qualified legal assistance.

**The aim of the research is** to develop a set of theoretical provisions and their application in the current legislation to improve the implementation of the standards governing the provision of qualified legal assistance in the Kyrgyz Republic.

**The methodological basis** of the dissertation research was composed of methods of logical, dialectical, historical-comparative, formal legal, comparative legal, system analysis, induction, deduction, synthesis, and other methods of scientific knowledge

**The results obtained and their novelty:** this work is the first work in the Kyrgyz Republic, performed at the dissertation level, devoted to a comprehensive study of the institute of qualified legal assistance in the Kyrgyz Republic.

**Recommendations for use.** The formulated theoretical definitions and conclusions can be used for further theoretical development of the issues of improving the provision of qualified legal assistance; to further improve the existing legislation in the field of legal aid; when conducting lectures and practical classes in the discipline «Constitutional law».